# Эмне үчүн аарылар ызылдашат?




Автор: Набанита Дешмук

Сүрөтчү: Зайнаб Тамбавала

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Эмне үчүн аарылар ызылдашат?

Автор: Набанита Дешмук
Сүрөтчү: Зайнаб Тамбавала
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Why do bees buzz*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Эмне үчүн аарылар ызылдашат?" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Набанита Дешмук, сүрөтчү Зайнаб Тамбавала, Pratham Books ©2007 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in /stories/3625-why-do-bees-buzz

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Ыз-ыз-ыззы… Бул эмне деген үн?

Бул аарылардын өз досторун чакырып жатканыбы? Же алар балды көргөндө ушинтип кубанышабы?



Аарылар, айрыкча жапайы аарылар учуп баратканда катуу ызылдашат. Бул үн алар учуп баратканда канаттарынан чыгат. Алар канатын канчалык тез каккан сайын ошончолук катуу үн чыгат.



Аарылар көп пайда алып келишет. Алар чаңчаларды гүлдөн-гүлгө ташып, кат ташыган почточуга окшош болушат.



Чаңча – гүлдөрдүн данынан алынган күкүм заттар. Алардан үрөн алынат.

Аарылар – чаңдаштыргычтар. Гүлдөрдү чаңдаштырып, көптөгөн өсүмдүктөрдүн көбөйүшүнө жардам беришет.



Кантип эле ушул кымындай үрөндөр аарылардын таманына жармашып калат? Аарылар гүлгө конуп, ширесин шимиргенде, чаңчалар алардын буттарына жана денесине жармашып калат.



Аарылар гүлдөн-гүлгө учуп конушат. Алар гүлдүн тегерегинде бийлеп ызылдашканда, чаңчалар аарыларга чачырайт. Ошентип, өсүмдүктөр чаңдашат.




Аарылар чаңчаларды үйдөн алыс жайгашкан жаңы өсүмдүктөрдөн ташып келишет.

Сен өзүңдүн дем алганыңды уга аласыңбы? Көбүнчө уга албайсың. Бирок аарылардын дем алганы угулат.

Аарылардын ызылдаганы – канаттарынан эле эмес, дем алуусунан да чыккан үн. Аба алардын майда бүдүрлүү тулкусу аркылуу өткөндө, ызылдаган үн угулат. Кызык бекен?


Бзззззззззззззззззззззз




Сен муну билчү белең?

1) Аарылар – мээнеткечтер. Бир чай кашык балга ылайык шире чогултуу үчүн алар үйүнөн 2000-3000 жолу учуп чыгып, гүлдөн-гүлгө конуп, кайтып келишет.


Аарылар кышында 9 ай жашашат. Жайкысын 2 ай гана өмүр сүрүшөт.

Жумуш аарыларды эриктирбейт.

2) Кызыктуу факт. Жетилген аары жаш аарынын ишин аткарганда, анын мээси карыбайт. Мээси жаш аарыныкындай эле иштей баштайт.

Сен да аарыдай болгуң келеби?

3) Аарылар буюмдарды адамдар сыяктуу эле көрөт. Алгач буюмдардын бөлүктөрүн көрсө, кийинчерээк аларды толугу менен көрүшөт.




Гүлдөрдө кофеин аттуу зат бар. Бул аларды курт-кумурскалардан сактаган химиялык зат.

Кофеиндин жыты аарыларга гүлдү табууга жардам берет.

Жапайы аарылар аарылардын ичинен эң чоңу болуп саналат. Алар уюгунда чоң үй-бүлө болуп жашашат.

Жапайы аарылардын көпчүлүгүнүн ийнеси болбойт. Бул аарылар балды көп өндүрбөгөнү менен, эң мыкты чаңдаштыргычтар болуп саналышат.



①



②

Өзүңдү аарыдай сезип көрчү!

1) Бал ташыган аарылар башка аарыларга кайсыл жерде шире бар экендигин билгизип, бий бийлешет.

Бий аркылуу кайсы бир маалыматты билдирип көрчү. Досторуң сенин бийиңден эмнени түшүнүшөр экен?

2) Аары сыяктуу ызылдап көр да, алаканыңды чап. Сага ызылдаган үн угулабы?

3



4




3) Аарылардын уюгу – инженердик өнөрдүн ажайып өрнөгү. Эмне үчүн дебейсиңби?

Эмесе, уюктагыдай идеалдуу алты бурчтуктардын сүрөтүн тарт. Алты бурчтуктарды картон кагаздан жасап көрчү.

Сен жообун таптың го деп ойлойм.

4) Эгерде сен түрдүү гүлдөрдү жыттап көрсөң, балдын эмне үчүн ар кандай жыттанарын түшүнөсүң!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Набанита Дешмук
Сүрөтчү: Зайнаб Тамбавала
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
| --- | --- |
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |